**ТИПТҮҮ ФОРМА**

**№_____контрактты Банктык коштоо келишими**

Бишкек ш. 20__-жылдын “_____”_______

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык каттоодон өткөн жана иштеп жаткан, 508-3301-ААК, 01803199710084 ИННге ээ, 1997-жылдын 18-мартында каттоодон өткөн, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан 2006-жылдын 27-декабрында Банктык операцияларды жүргүзүү укугуна №48 лицензияны алган юридикалык жак – **"Айыл Банк" ачык акционердик коомунун** (мындан ары - Банк) атынан 202___-жылдын “___”_________________ №________ негизинде иш алып барган _________________________________________ бир тараптан жана _______________________ негизинде иш алып барган ________________________ ___________________ (аты-жөнү) (мындан ары – Буйрутмачы) экинчи тараптан, мындан ары биргелешип “тараптар”, ал эми өз-өзүнчө “тарап” деп аталуучулар, төмөндөгүлөр боюнча ушул Контрактты Банктык коштоо келишимин (мындан ары – келишимди) түзүшкөн.

## 1. Келишим предмети

1.1. Ушул келишимдин шарттарына ылайык Банк, Буйрутмачыга коштоого алынган келишшимдер боюнча Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсүн (мындан ары – Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсү) сунуштоого милдеттенет.

1.2. Келишим алкактуу келишим болуп саналат жана анда Банк тарабынан Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсүн сунуштоонун жалпы шарттары аныкталат. Ар бир Банктык коштоого алынган контрактыга карата мындай кызмат көрсөтүүнү сунуштоо тартиби жана шарттары Банктык коштоо билдирмесинде тараптарга макулдашылат. Банктык коштоо Буйрутмачысы ушул келишим колдонулган мезгил ичинде чектөөсүз билдирме бере алат.

1.3. Келишимдин токтотулушу ага чейин Банк тарабынан бекитилген Банктык коштоо билдирмесине карата Банктын кызмат көрсөтүүсүнүн токтотулушун шарттабайт. Келишим шарттары тараптар Банктык коштоого берилген, келишим токтотулганга чейин эле Банк тарабынан бекитилген билдирмелерге карата өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин улантылат.

1.4. Тараптардын өз ара кат жүзүндөгү макулдугу боюнча Буйрутмачы менен Банк ортосунда Банктык коштоо кызматын сунуштоо жагында өз ара иш алып баруусу “Контрактыларды Банктык коштоо” тейлөө шартынын Жеке кабинети аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн.

1.5. Тараптар ушул келишимдин максатында келишимге карата 1-тиркемеде чагылдырылган терминдерди (атоолорду) жана анкытамаларды колдонууга макул болушту.

## 2. Банктык коштоого билдирме берүү, аны бекитүү жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

2.1. Банк тиешелүү кызмат көрсөтүүнү сунуштоосу максатында Буйрутмачы №2-тиркемеде белгиленген формада Банкка билдирме менен кайрылат, аткарылган иш (сунушталган кызмат көрсөтүү) предмети болуп саналган коштоого калынган келишим, ошондой эле №3-тиркемеде белгиленген формадагы товардын алынып келиниши анын предметинен болгон коштоого алынган келишим үчүн Буйрутмачы Банктык коштоо билдирмесине өзү күбөлөндүргөн, бардык тиркемелери жана толуктоолору менен бирге коштоого алынуучу келишимдин көчүрмөсүн кошо

тиркөөгө милдеттүү.

2.2. Банктык коштоого билдирме Банкка төмөнкүлөр аркылуу берилет:

– документтин кагазга чыгарылган түп нускасы формасында;
– же болбосо келишимдин 9-бөлүгүндө көрсөтүлгөн электрондук почта аркылуу документтин көчүрмөсү формасындагы билдирмениу скан вариантын жөнөтүү аркылуу. Бул учурда документтин кагаз жүзүндөгү түп нускасы 3 (үч) жумуш күнү ичинде кошумча жөнөтүлүүгө тийиш;
– же болбосо келишимдин 1.4.-пунктунун жоболорун эске алуу менен Жеке кабинет аркылуу Банктык коштоогө билдирмесин жөнөтүү аркылуу.

2.3. Банк билдирмени алгандан кийинки 2 (эки) жумуш күнү ичинде аны кароого алат.

2.4. Банк келип түшкөн билдирмени кароого алуу жыйынтыгы боюнча:

- билдирмени бекитип, аны аткарууга кабыл алат. Бул тууралуу ал келишимде каралган тартипте Буйрутмачыга маалымдоого тийиш;
- же болбосо Буйрутмачыга билдирме боюнча сын-пикирлер белгиленген катты жөнөтөт. Буйрутмачы белгиленген кемчиликтерди четтеткенден кийин Банктык коштоого билдирмени Банкка кайталап жөнөтөт.

Банк тарабынан тиешелүү билдирме бекитилген (кабыл алынган) күн айкын бир коштоого алынган келишимге карата Банктык коштоо кызматын сунуштоо күнү катары эсептелинет.

2.5. Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында Буйрутмачы 4-тиркемеде белгиленген формада, же Жеке каибнет аркылуу Банктык коштоонун өзгөртүлгөн параметрлерин белгилөө менен Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тиешелүү билдирмени Банкка жөнөтөт.

2.6. Банк параметрлерге өзгөртүүлөрдү киргизүү билдирмесин ушул келишимдин 2.3 жана 2.4-пунктчаларында каралган билдирмелерди кароого алуу (бекитүү) үчүн белгиленген тартипте кароого алат.

## 3. Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсүн сунуштоо тартиби

3.1. Банк коштоого алынуучу келишимдерди ишке ашыруучу Аткаруучулар жана Катышуучулар үчүн өзүнчө эсеп ачат. Ал эсепти колдонуу тартиби Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү билдирмесин эске алуу менен Банктык коштоо билдирмесине ылайык келүүгө тийиш.

3.2. Банк Банктык коштоо билдирмесинде/Банк тарабынан бекитилген (кабыл алынган) Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү билдирмесинде көрсөтүлгөн параметрлерге ылайык келиши көз карашынан өзүнчө ачылган эсептеги акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контролдукту жүзөгө ашырат.

3.3. Банк, акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо жол-жобосунун жыйынтыгында терс натыйжа келип чыккан шартта, которууга билдирмени жана которууга буйрууну кабыл алуудан баш тартат.

3.4. Тараптар коштоого алынуучу келишимдерди/контрактыларды ишке ашырууда жумуштардын аткарылышы, кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышы, товарлардын алынып келинишинин айкын фактыларын текшерүүгө алынышы жагында Банк эч кандай жоопкерчилик тартпай жана бул багытта иш-чараларды, ошондой эле негиздөөчү документтердин аныктыгына экспертиза жүргүзбөй тургандыгына макулдашышты.

3.5. Банк Банктык коштоо Буйрутмачысына, ошондой эле билдирмеде көрсөтүлгөн башка жактарга коштоого алынган тиешелүү келишимдердин Банктык коштоого алынышынын жыйынтыгы боюнча отчет берүүгө тийиш. Отчет Жеке кабинет же тараптар алдын-ала кат жүзүндө макулдашкан башка ыкмалар аркылуу сунушталат. Банк Мамлекеттик мүлктү тескөөгө алуу боюнча мамлекеттик агенттиктин талабына ылайык отчет берүүгө милдеттүү.

3.6. Банк Банктык коштоо Буйрутмачысына, ошондой эле билдирмеде көрсөтүлгөн башка жактарга тиешелүү коштоого алынган келишимди ишке ашыруунун алкагында баштапкы өзүнчө эсеп ачылган күндөн кийинки жумуш күнүнөн тартып отчет берет.

3.7. Талаш жараткан которууга билдирмени макулдашуу тартиби:

3.7.1. Эгерде Банк которууга билдирме боюнча аны макулдашуу/макулдашуудан баш тартуу жагында өз алдынча чечим кабыл ала албаса, ал мындай талаш жараткан билдирмени Жеке кабинет аркылуу ишке ашыруу жагында Буйрутмачыга талап кат жөнөтүүгө укуктуу.

3.7.2. Мындай учурда Банктык коштоо Буйрутмачысы Жеке кабинети аркылуу тиешелүү талапты жөнөткөн күндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнүнөн кечиктирбестен коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруучу Аткаруучунун/Катышуучунун которууга талаш жатакан билдирмесин макулдашуу/макулдашуудан баш тартуу тууралуу чечимин Банкка жөнөтүүгө милдеттүү.

3.8. Банктык коштоо Буйрутмачысы тарабынан которууга талаш жараткан билдирме боюнча кабыл алынган чечимдин негизинде Банк:

3.8.1. Банктык коштоо Буйрутмачысы которуу боюнча талаш жараткан билдирмени макулдашкан шартта, которууга билдирмени буйруу катары кабыл алып, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарда каралган бардык жол-жоболорду ишке ашырып, мындай буйрууну аткарууга кабыл алат;

3.8.2. эгерде которуу боюнча талаш жараткан билдирмени Банктык коштоо Буйрутмачысы макулдашуудан баш тартса, ошондой эле Банктык коштоо келишиминин 3.7.2-пунктунда белгиленген мөөнөттө Буйрутмачы ал чечимди албаган болсо, билдирмени аткарбастан кайтарып жиберет (буйруу катары кабыл алынган билдирмени кабыл алуудан баш тартат).

## 4. Тараптардын милдеттери

4.1. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:

4.1.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Банктык коштоо билдирмесинде жана Банктык коштоо келишиминде белгиленген учурларды эске албаганда, Буйрутмачыга алдын-ала макулдашуусуз Банктык коштоо келишиминин талаптарын аткарууга тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо маселеси боюнча маалыматтарды үчүнчү жакка билдирбөөгө/малымдабоого.

4.1.2. Ыйгарым укуктуу бийлик органдарынын Банктык коштоо келишиминин талаптарынын аткарылышына тиешелүү талаптары жана башка кайрылуулары жөнүндө, кайрылуулар келип түшкөндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирбестен Буйрутмачыга кат жүзүндө маалымдоого. Мындай билдирүү/маалымдоо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына каршы келбөөгө тийиш.

4.2. Банктык коштоо Буйрутмачысы төмөнкүлөргө милдеттенет:

4.2.1. Банктын Банктык коштоо келишимине карата талаптарын кароого алып, ошол талаптар/кайрылуулар, ошондой эле кошумча документтердин жана маалыматтардын берилиши жагындагы талаптарга жооп жөнөтүүгө.

4.2.2. Коштоого алынган келишим боюнча бардык эсептешүүлөрдү (товарларга, аткарылган жумуштарга, сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө төлөөлөрдү) Аткаруучунун өзүнчө эсеби аркылуу гана ишке ашырууга. Банктык коштоо Буйрутмачысы менен Аткаруучу ортосунда өзүнчө эсепти колдонбостон жүргүзүлгөн эсептешүүлөрдөн улам келип чыккан кесепеттер/талаш маселелер үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

4.2.3. Коштоого алынган келишимде Банктык коштоо келишимине карата №5-тиркеменин редакциясындагы Банктык коштоо шарттары камтылууга тийиш.

## 5. Келишим баасы, эсептешүүлөр жана кызмат көрсөтүүлөрдү тапшыруу-кабыл алуу тартиби

5.1. Банк тарабынан Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсү акысыз негизде сунушталат.

5.2. Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсүнө түздөн-түз тиешеси жок башка эсептешүү-кассалык тейлөө, башка кызмат көрсөтүүлөр, тейлөө шарттары, продукттар боюнча кызмат көрсөтүүлөр Банктын тарифтерине ылайык төлөнүп берилет.
5.3. Банктык коштоо келишимине ылайык бул багытта сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдү тапшыруу-кабыл алуу отчеттук мезгилдин акырында ишке ашырылат. Календардык жыл отчеттук мезгил болуп саналат. Отчеттук мезгил аяктагандан кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде Банк тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр актысын (2 нускада) тариздетип, аны Буйрутмачыга жөнөтөт.
5.4. Буйрутмачы Банктан аны алгандан кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде кызмат көрсөтүүлөр актысына кол коюп, анын бир нускасын Банкка кайтарат же ушул пунктта көрсөтүлгөн мөөнөттө өзүнүн жүйөлүү каршы пикирин/кине коюусун билдирет. Банктык коштоо Буйрутмачысынын кине коюулары/ал макул болбогон себептер четтетилгенден кийин Банк сунушталган кызмат көрсөтүүлөр боюнча кол коюлган жаңы актыны Буйрутмачыга жөнөтөт. Буйрутмачы Банк тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр боюнча кол коюлган актыны алгандан кийинки 15 (он беш) жумуш күнү ичинде албаган болсо, же ал боюнча жүйөлүү себептерин көрсөтүү менен каршы пикирин билдирген/кине коюулар кат жүзүндө келип түшпөсө, сунушталган кызмат көрсөтүүлөр актысы тараптар ортосунда макулдашылган катары эсептелинет.

## 6. Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсүн сунуштоону токтотуу тартиби

6.1. Банк коштоого алынган келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышына же ошол келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн тототулушуна (Буйрутмачы тарабынан жөнөтүлгөн билдирменин негизинде) же Буйрутмачынын Банктык коштоого берген билдирмеси кайтарылып алынышына баланыштуу же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген башка негиздер боюнча Банктык коштоо кызмат көрсөтүүсүн сунуштрону тогктотушу мүмкүн.
6.2. Банктык коштоо Буйрутмачысы коштоого алынган келишим боюнча милдеттенмелер аткарылгандан кийинки (коштоого алынган келишим башка бир негиздер боюнча токтотулган шартта) 5 (беш) жумуш күнү ичинде тиешелүү кат жүзүндөгү билдирмени Банкка жөнөтүүгө милдеттүү.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги. Жоопкерчиликтердин чектелиши. Күтүүсүз келип чыккан жагдайлар

**7.1.** Ушул келишимде камтылган бөлүктөр жана анын шарттары аркылуу жөнгө салынбаган маселелер боюнча тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык Банктык коштоо келишими боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышы же талаптагыдай аткарыбашы жагында гана жоопкерчиликтүү болуп саналат.
**7.2.** Банк, Банктык коштоого Катышуучулар тарабынан такталбаган, толук эмес же колдонуудан калган негиздөөчү документтерди же маалыматтарды бериши кесепетинен, которууга буйруу катары кабыл алынган которууга билдирменин аткарылгандыгы/аткарылбай калгандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.
**7.3.** Тараптар күтүүсүз жагдайлардан улам (форс-мажор) улам, келишим боюнча милдеттенмелерди аткара албай калган жана бул жагдай Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдар аркылуу таанылган шартта, келишимден улам келип чыккан жоопкерчиликтерден бошотулат. Бөөдө кырсыктар (суу ташкыны, жердин силкиниши, өрттүн чыгышы жана башка жаратылыш же техногендик кырсыктар) эпидемия, өзгөчө абалдын киргизилиши, массалык башаламандык, уурдап-тоноолор, согуш аракеттери жана башка кесепеттүү жагдайлар форс-мажордук жагдайга кирет жана булар менен эле чектелип калбайт.
**7.4.** Тараптар ушул келишимдин 7.3-пунктунда көрсөтүлгөн жана алар үчүн милдеттенмелерди аткаруунун мүмкүн эместигин шарттаган күтүүсүз жагдайлардын

келип чыгышы жана анын токтотулгандыгы/четтетилгендиги тууралуу башка тарапка кат жүзүндө 5 (беш) жумуш күнү ичинде маалымдап, Соода-өнөр жай палатасы же башка компетенттүү орган тарабынан берилген маалымакат аркылуу ал жагдайды тастыктоого тийиш.

**7.5.** Ушул келишимдин 7.4-пунктунда каралган жана алган милдеттенмелердин аткарылбай калышын шарттаган жагдайлар тууралуу өз учурунда маалымдабаган тарап жоопкерчиликтен бошотуу үчүн негиз катары ошол келип чыккан жагдайларга таянууга укугу жок.

**7.6.** Күтүүсүз жагдайлар келип чыккан, шартта ушул келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү ошол жагдайлар жана андан улам келип чыккан кесепеттер орун алып турган убакыт аралыгына шайкеш узартылат.

**7.7.** Эгерде күтүүсүз жагдайлар 3 (үч) айдан ашуун убакыт созулуп кетсе, тараптар ушул келишим боюнча андан ары алып баруу шарттарын макулдашып алууга тийиш. Эгерде тараптар бул боюнча макулдаша албаса, күтүүсүз жагдайларга туушар болгон тарап ал тууралуу экинчи жакка кат жүзүндө билдирме жөнөтүү аркылуу бул келишимди жокко чыгарууга укуктуу.

**7.8.**Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарууда Тараптардын бири да, алардын аффилирленген жактары, кызматкерлери, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кандайдыр бир укукка жатпаган артыкчылыктарга же укукка жатпаган максаттарга жетүү үчүн кайсыл болбосун жактарга таасир этүүсү же чечим кабыл алууга же көмөктөшүүсү үчүн тике же кыйыр түрүндө кандайдыр бир акча каражаттарын же баалуулуктарды төлөп берүүгө же алууга багытталган аракеттерди ишке ашырбоого милдеттенишет. Ошондой эле Тараптар кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагындагы колдонулган мыйзам талаптарын бузууга алып келген аракеттерди көрбөөгө жана келишим тараптарынын ортосунда сыяктуу эле, үчүнчү жактар жана мамлекеттик жана башка органдарга карата коррупциялык укук бузууларга жол бербөөгө милдеттенишет. Тараптар ошондой эле ушул талапты өзүнүн аффилирленген (байланыштуу) жактарына, кызматкерлерине, контрагенттерине жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жеткирүүгө милдеттенишет. Эгерде ушул пункттун кайсыл бир жоболорун бузууга жол берилген же бузулушу ыктымал деген шектенүүлөр Тараптардын биринде келип чыкса, ал тууралуу кат жүзүндө башка Тарапка маалымдоого милдеттенет.

**7.9.**Жогоруда көрсөтүлгөн коррупцияга каршы шилтемеде каралган кандайдыр бир милдеттенмени бузууга жол берилген же бузулушу мүмкүн деген негиздемелер келип чыккан шартта, бир тарап экинчисине орун алган фактыларды ыраатту көрсөтүп, аны тастыктаган колдо болгон материалдарды кошо тиркөө менен ал тууралуу кат жүзүндө дароо маалымдоого тийиш.

**7.10.** Тиешелүү тарап кат жүзүндө маалымдагандан кийин шектенүүнү жараткан ар бир жагдай же аныкталган факты боюнча Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган, жол берилген чаралардын алкагында текшерүү/мониторинг жүргүзүүгө укуктуу. Эгерде жүргүзүлгөн текшерүүнүн/мониторингдин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр аныктала турган болсо, күнөлүү тарапка карата Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган жоопкерчилик чаралары колдонулат.

## 8. Кошумча жоболор

**8.1.**Банктык коштоо келишиминин мөөнөтү чектелбейт жана тараптар ага кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет.

**8.2.**Банктык коштоо келишими Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары

аркылуу жөнгө салынат жана чечмеленет.

**8.3.** Банктык коштоо келишимине карата сунушталган бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор, эгерде келишимде түздөн-түз башкасы каралбаса, кат жүзүндө даярдалып, ага эки тараптын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгон шартта анык болуп саналат.

**8.4.** Банктык коштоо келишимин жокко чыгарууга эки тараптын макулдугу, соттун чечими же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча гана жол берилет.

**8.5.** Банктык коштоо келишимин түзүүгө, анын талаптарын аткарууга, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө же келишимди токтотууга байланыштуу тараптар ортосунда келип чыккан бардык талаш маселелер же пикир келишпестиктер, ошондой эле келишимди анык эмес деп таанууга байланыштуу башка маселелер сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш.

**8.6.** Эгерде сүйлөшүүлөр аркылуу орун алган талаш маселе жөнгө салынбаса, талаш маселелер келип чыккандан кийинк 30 (отуз) күн ичинде ал Банктын жайгашкан жери боюнча жергиликтүү сотто каралууга тийиш.

**8.7.** Банк ачылган өзүнчө эсептеги акча каражатынын калдыгына пайыздарды чегербейт, башка жакка жайгаштырбайт, аманатка (депозитке) салбайт жана тараптардын макулдашуусунда башкасы белгиленбесе, өзүнчө эсептеги каражат калдыгын толуктоо (колдоо) бүтүмүнө келишпейт.

## 9. Тараптардын өз ара байланышта иш алып баруусу

**9.1.** Банктык коштоону тейлөө шарттары аркылуу жөнөтүлүүчү жана/же алмашылуучу маалыматтардан тышкары, ушул келишимге ылайык Жеке кабинет аркылуу жөнөтүлүүчү бардык билдирмелер жана маалыматтар кат жүзүндө тариздетилүүгө жана Алуучулардын колуна тапшырылууга же курьердик кызмат тарабынан почта, же болбосо келишимдин 11-бөлүгүндө көрсөтүлгөн даректер аркылуу жана төмөндө көрсөтүлгөн даректер боюнча электрондук кат аркылуу жөнөтүлүүгө тийиш:

*Банк үчүн*

Көңүл буруңуздар: ______________________________________

Электрондук почта дареги: ______________________________________

*Банктык коштоо Буйрутмачысы үчүн*

Көңүл буруңуздар: ______________________________________

Электрондук почта дареги: ______________________________________

Билдирүүлөр буйрутма кат, курьердик кызматтар аркылуу жөнөтүлгөн шартта тараптар алардын скандан өткөрүлгөн көчүрмөсүн келишимдин 9.1-пунктунда көрсөтүлгөн даректер боюнча электрондук почта аркылуу кайталап жөнөтүүгө милдеттенет. Электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн билдирүүлөр ийгиликтүү алынган шартта алар талаптагыдай жөнөтүлгөн/алынган катары эсептелинет, аны тараптын электрондук почта/корпоративдик системасы аркылуу тастыкталышы ыктымал. Эгерде билдирүүлөрдүн түп нускасы жана алардын электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн скан көчүрмөсү бири-бирине дал келбесе, электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн билдирме анык версиясы катары каралат. Бул учурда скан көчүрмөсүнөн айырмаланган билдирүүнүн түп нускасын жөнөткөн тарап кыска мөөнөт аралыгында электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн скан көчүрмөгө толук ылайык келген кат жүзүндөгү формасын башка тарапка жөнөтүүгө милдеттүү.

**9.2.** Тараптар, Банктык коштоо билдирмесинде/Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүү киргизүү билдирмесинде башкасын көрсөтүү аркылуу келишимдин 9.1-пунктунда чагылдырылган өз байланыш маалыматтарын өзгөртүүгө же башка тарапка ал тууралуу кат жүзүндө билдирме жөнөтүү аркылуу өзгөртүүгө укуктуу. Тараптардын билдирмесинде башкасы көрсөтүлбөгөн болсо, мындай билдирмени жөнөткөн тараптын кат жүзүндөгү тастыктоосун экинчи тарап алган учурдан тартып, киргизилген өзгөртүүлөр күчүнө кирет.

## 10. Келишимге карата тиркемелер:

№1-тиркеме. Терминдер (атоолор) жана аныктамалар;
№2-тиркеме. Банктык коштоого билдирменин формасы (аткарылган жумуштар/сунушталган кызмат көрсөтүүлөр предмети болуп саналган коштоого алынган келишим үчүн);
№3-тиркеме. Банктык коштоого билдирменин формасы (товарлардын сунушталышы предмети болуп саналган коштоого алынган келишим үчүн);
№4-тиркеме. Банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүгө билдирменин формасы.
№5-тиркеме. Коштоого алынган келишимде камтылууга тийиш болгон Банктык коштоонун типтүү шарттары[1].

## 11. Тараптардын даректери жана реквизиттери

**Банк:** «Айыл Банк» ААКсы

Дарек: 720011, Бишкек ш., Я. Логвиненко атындагы көчө, 14
ИНН: 01803199710084
БИК: 135001
Банктык эсеп: 1352119911905306.
Телефон: +996 (312) 30-05-19;
Факс: +996 (312) 30-03-23.
Электрондук почта: office@ab.kg
Интернеттеги сайт: www.ab.kg

Кызмат орду

_____________/ Аты-жөнү

М.О.

**Банктык коштоонун Буйрутмачысы:**
Дареги:
_______________________________________
_______________________________________
___
ИНН:
_______________________________________
_______________________________________
___

Кызмат орду

_______________/ Аты-жөнү

М.О.

[1] №5-тиркемеде ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген Коштоого алынган келишимде камтылууга тийиш болгон Банктык коштоонун типтүү шарттары чагылдырылган.

Банктык коштоо
жөнүндөгү келишимге
карата №1-тиркеме

**Терминдер (атоолор) жана аныктамалар**

| № п/п | Атоолордун/терминдердин кыскартылып берилиши | Аныктамасы |
|---|---|---|
| 1. | Банктык коштоо | бул, Банктык коштоо келишиминин, кошумча келишимдин негизинде өзүнчө эсептерди колдонуу менен коштоого алынуучу келишим талабын аткаруунун алкагында, акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контролдукту камсыз кылуу, анын ичинде эсептешүүлөргө мониторинг жүргүзүү жана өзүнчө эсептерди колдонуу ыргагына ылайык которууларга келип түшкөн билдирмелердин аткарылышына, ошондой эле Банктык коштоо келишиминде, кошумча келишимдерде белгиленген башка кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышын контролдукка алуу. |
| 2. | Кошумча макулдашуу | Банк менен Аткаруучу (коштомо келишимди ишке ашыруунун Катышуучусу) ортосунда түзүлгөн, банктык эсеп боюнча чыгаша операцияларын жүргүзүүнүн атайы ыргагын/режимин белгилеген, коштоого алынган келишим/контрактылар боюнча акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контролдукту камсыз кылган банктык эсеп келишимине карата кошумча макулдашуу. |
| 3. | Банктык коштоого билдирме (мындан ары билдирме) | Банктык коштоо Буйрутмачысы тарабынан коштоого алынуучу келишимди Банктык коштоону уюштуруу максатында банкка жөнөтүлгөн, Банктык коштоо параметрлерин камтыган жана коштоого алынуучу келишимди Банктык коштоо шарттарын аныктаган билдирме; |
| 4. | Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө билдирме | Буйрутмачы тарабынан Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында Банкка тапшырылуучу билдирме |
| 5. | Которууга билдирме | Коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууну Аткаруучу, ага Катышуучу тарабынан негиздөөчү документтерди кароо жыйынтыгына ылайык анын аткарылышы (аткаруудан баш тартуу) жөнүндө чечим кабыл алынышы үчүн Банкка жөнөтүлүүчү буйруу долбоору. |
| 6. | Коштоого алынган келишимдин идентификатору | Банк тарабынан коштоого алынган келишимге ыйгарылган өзгөчө сандык белги (маани) |
| 7. | Аткаруучу | бул, коштоого алынган контракт боюнча буйрутмачы менен келишим түзгөн сунуштоочу (аткаруучу, иш тапшыруучу); |
| 8. | Контракт | коштоого алынуучу келишимди ишке ашырган Аткаруучу жана ага Катышуучу ортосунда, же болбосо коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууга Катышуучулар |

| | | |
|---|---|---|
| | | ортосунда түзүлгөн коштоо келишим талабын аткаруу/ишке ашыруу максатында түзүлгөн келишим |
| 9. | Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдоо | Банк тарабынан кароого сунушталган негиздөөчү документтердин жана которууга билдирмелердин Банктык коштоо параметрлерине, коштоого алынуучу келишим, ошондой эле контрактылар шарттарына ылайык келишине Банк тарабынан жүргүзүлгөн жол жобо. |
| 10. | Олуттуулук лимити | Коштоого алынуучу келишим талабын аткаруунун алкагында субподрядчылардын (иш тапшыруучулардын), кошо аткаруучулардын/иш тапшыруучулардын (материалдык-техникалык ресурстарды өндүрүүчүлөрдү эске албаганда) ар бири менен түзүлгөн контрактылардын чектүү жалпы суммасы жана/же талаптарын сактоо аларды башка контрагенттер үчүн негиз болуп саналган, алар менен тиешелүү келишим түзүлбөгөн учурда коштоого алынуучу келишимди аткаруунун алкагында субподрядчылардын (иш тапшыруучулардын), кошо аткаруучулардын/иш тапшыруучулардын (материалдык-техникалык ресурстарды өндүрүүчүлөрдү эске албаганда) ар биринин дарегине жөнөтүлүүчү төлөмдөрдүн жалпы суммасы |
| 11. | Жеке кабинет | “Интерактивдик отчет” шартындагы авторизацияланган тилке, ал аркылуу Буйрутмачы талаш жараткан төлөмдөрдү макулдашып, Банк менен Буйрутмачынын ортосунда электрондук формада маалыматтар, билдирмелер жана документтерди алмашып, ошондой эле башка функционалга туташуу камсыз кылынат |
| 12. | Негиздөөчү документтер | Эгерде көрсөтүлгөн келишимдерде тиешелүү формалар жана коштоого алынуучу келишимдерде жана/же контрактыларда камтылган милдеттенмелердин талаптагыдай аткарылышын тастыктоочу фактылар көрсөтүлсө коштоого алынуучу келишимде же контрактыларда белгиленген формалар боюнча түзүлгөн келишимдер, аларга карата кошумча макулдашуулар, эсептер (же аларды алмаштырган документтер), товарларды/аткарылган жумуштарды/сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу актылары, пайдаланууга кабыл алуу актылары, коштомо кагаздар жана/же башка документтер (анын ичинде эсептөөлөр – негиздемелер, түшүндүрмөлөр, маалымкаттар, отчеттор, ошондой эле алардан көчүрмөлөр). |
| 13. | Өзүнчө эсеп | Коштоого алынуучу келишимдин жана контрактылардын талаптарын аткаруу максатында түзүлгөн келишимди жана/же келишимдерди аткарууда тиешелүү операциялардын жүргүзүлүшү үчүн коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруучу Аткаруучу жана/же ага Катышуучуга Банкта ачылган банктык эсеп, ал эсепти колдонуу тартиби Банктык коштоо билдирмесинде/кошумча макулдашуу түзүлгөндөн кийин Банктык коштоо параметрлерине өзгөртүүлөрдү киргизүү билдирмесинде аныкталат. |

| | | |
|---|---|---|
| 14. | Банктык коштоо параметрлери (мындан ары - параметрлер) | Банктык коштоо билдирмесинде аныкталган өзүнчө эсепти колдонуу тартибине карата талаптарды банктык катышуучулардын коштоого алынган келишимди ишке ашыруунун алкагында, өзүнчө эсептер аркылуу эсептешүүлөргө мониторинг жүргүзүүнү жана ошол эсептеги акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына контролдукту кошо алганда, айкын бир коштоого алынуучу келишимге карата Банктык коштоонун негизги шарттары; |
| 15. | Которууга буйруу | Формасы Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары тарабынан аныкталган төлөм тапшырмасы же бңбашка эсептешүү (төлөм) документи. |
| 16. | Коштоого алынуучу келишим | Банктык коштоодо каралган шарттарды, ага карата бардык кошумча макулдашууларды кошо алганда Буйрутмачынын Аткаруучу менен түзгөн макулдашуусу (келишими). |
| 17. | Талаш жараткан которууга билдирме | Банк ага карата которууга билдирмени макулдашуу/андан баш тартуу чечимин өз алдынча кабыл ала албаган, Банктык коштоо келишимине ылайык Буйрутмачыга макулдашылууга тийиш болгон коштоого алынган келишимди ишке ашырууну Аткаруучунун/ага Катышуучунун которууга билдирмеси. |
| 18. | Банктык коштоо катышуучулары (мындан ары – Катышуучулар) | Банк, ошондой эле Банктык коштоого Буйрутмачы, коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууну Аткаруучу, ага Катышуучу. |
| 19. | Коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууга Катышуучулар | Коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруу максатында тартылган жактар, алар Банктык коштоо параметрлерине ылайык ыйгарым укуктуу Банкта өзүнчө эсеп ачып, ал аркылуу эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө милдеттүү |
| 20. | “Контрактыны Банктык коштоо боюнча интерактивдик отчет” тейлөө шарты (мындан ары – «Интерактивдик отчет» шарты)» | Банк тарабынан Банктык коштоо Буйрутмачысына сунушталуучу санариптик тейлөө шарты. Ал Жеке кабинет аркылуу ага кирүүгө мүмкүн болгон коштоого алынуучу келишимдерди Банктык коштоо натыйжасын/жыйынтыгын чагылдыруу үчүн каралган. |
| 21. | Башка контрагенттер | коштоого алынуучу келишим талабын аткаруу максатында тартылган жактар, алар Банктык коштоо параметрлерине ылайык ыйгарым укуктуу банкта өзүнчө эсепти ачууга жана аларды колдонуу менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө милдеттүү эмес |

**Банк:**

Кызмат орду

_____________/ Аты-жөнү

М.О.

**Банктык коштоонун Буйрутмачысы:**

Кызмат орду

_______________/ Аты-жөнү

М.О.

Контракты Банктык коштоо
келишиминин типтүү формасына
карата 2-тиркеме

**ФОРМА**

"_________" ААКсы
*Аты-жөнү*

**Банктык коштоого билдирме**

аткарылган жумуштар/сунушталган кызмат көрсөтүүлөр предмети болуп саналган коштоого алынган келишим үчүн

Бул билдирме контракты Банктык коштоо келишиминин (мындан ары –келишим) 2.1-пунктуна ылайык берилет:

**I бөлүк. Банктык коштоого Буйрутмачы, аны Атакрауу жана коштоого алынган келишим тууралуу маалыматтар**

1. **Банктык коштоого билдирме берген буйрутмачы тууралуу маалымат:**

| | |
|---|---|
| *Аталышы:* | |
| *ИНН:* | |
| *Банктык коштоого буйуртма берген Буйрутмачынын байланыш кызматкери :* | *Аты-жөнү, ээлеген кызматы*<br>*Телефон номери:*<br>*Мобилдик телефон номери:*<br><br>*Электрондук почта дареги:* |
| *Банктык коштоо кызматын көрсөтүү үчүн кошумча маалыматтар:* | |

2. **Аткаруучу, коштоого алынган келишим жана Отчетторду алуучулар тууралуу маалыматтар:**

| | |
|---|---|
| *Аткаруучу: аталышы, ИНН* | |
| *Аткаруучунун байланыш кызматкери:* | *Аты-жөнү, ээлеген кызматы*<br>*Телефон номери:*<br>*Мобилдик телефон номери:*<br><br>*Электрондук почта дареги:* |
| *Келишимдин аталышы жана номери, келишим түзүлгөн күн:* | |
| *Келишимдин предмети:* | |
| *Келишимдин жалпы наркы (КНС жана башка салыктарды эске алуу менен жана эске алуусуз):* | |
| *Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү:* | |
| *Банктык коштоо жыйынтыктары тууралуу Отчет алуучу жактар жөнүндө маалымат:* | Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктө тескөө боюнча мамлекеттик агенттик |

## II бөлүк. Банктык коштоо параметрлери

1. **Олуттуулук лимити:**

Олуттуулук лимити[2] ____________________________________________________ түзөт:

2. **Башка контрагенттердин тизмеги (Өзүнчө эсеп ачуу талап кылынбагандар):**

2.1. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер – коштоого алынган келишимди/контрактты аткарууга байланыштуу төлөнүүчү салыктарды, жыйымдарды жана башка бюджетке милдеттүү түрдө төлүнүүчү төлөмдөрдү алуучулар.

2.2. Мүлктүк кызыкчылыктарды/таламдарды камсыздандыруу кызматын сунуштаган камсыздандыруучулар;

2.3. Контракт боюнча милдеттенмелерди аткаруу учурунда, фактор тарабынан акча каражаты коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууга Катышуучунун өзүнчө эсебине же башка контрагенттин эсептешүү эсебине чегерилиши шартында келип чыккан акчалай талапты (факторинг) ыйгарып өткөрүп берүү алдында каржылоо келишимдери боюнча финансылык агенттер (факторлор);

2.4. Коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруу үчүн ачылган өзүнчө эсепке берилген кредиттерди төлөөдө, ошондой эле коштоого алынуучу келишим талабын аткаруу максатында сунушталган банктык гарантиянын наркына төлөөдө Кредиттик уюмдар;

2.5. Электр энергиясы, суу менен камсыздоону кошо алганда, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү алуучулар;

2.6. Табигый монополия субъекттери;

2.7. Мамлекеттик бюджеттик эмес фондулар;

2.8. Банк;

2.9. Товарларды түздөн-түз өндүрүп чыгаруучулар (даярдоочулар)

2.10. Менчик укугун тастыктаган документтердин негизинде кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөр алардын менчиги болуп саналган, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү ижарага сунуштоочулар (лизингге берүүчүлөр);

2.11. Субижара (сублизинг) келишиминин негизинде кыймылдуу арендаторы жана кыймылсыз мүлктөрдү субижарага берүүчүлөр (лизингге берүүчүлөр);

2.12. маалыматтарды, лицензияларды жана мамлекеттик жана муниципалдык реестрлерден башка талаптар үчүн төлөмдөрдү алгандар, мамлекеттик алымдарды алуучулар;

2.13. Коштоого алынган келишим жана/же контракт боюнча милдеттенмелерди аткарууга тартылган жана коштоого алынуучу келишимди аткаруунун алкагында алар менен келишим түзүлбөгөн шартта мындай жактардын ар биринин дарегине жөнөтүлүүчү төлөмдөрдүн жалпы суммасы олуттуулук лимитинен ашпаган болсо субподрядчылар, кошо аткаруучулар, иш тапшыруучулар (материалдык-техникалык ресурстарды өндүрүүчүлөрдү эске албаганда);

2.14. Эмгек келишими боюнча өз милдеттенмелерин аткаргандыгы үчүн сый акыны, эмгек акы фондусунан төлөөлөрдү, иш сапарына жана өкүлчүлүк чыгашаларына төлөөлөрдү алган жеке адамдар;

2.15. Коштоого алынуучу келишим жана/же контракт боюнча милдеттенмелерди аткарууга тартылган жана жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча өз милдеттенмелерин аткаргандыгы үчүн сый акы алган жеке адамдар;

2.16. Курулуш ишин даярдоо, мындай жерлерге инженердик түйүндөрдү жөнгө салуу жагында иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон жер тилкелеринин менчик ээлери жана/же ага укуктуу болгондор;

---

[2] Олуттуулук лимитинин көлөмү коштоого алынган келишимдин наркынан 5%, бирок кеминде 5 000 000 (беш миллион) сомдон ашпаган өлчөмдө белгиленет.

2.17. Талаптары мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды мажбурлап аткартууга берилген документтер менен тастыкталган кредиторлор;
2.18. Чет өлкөлүк контрагенттер;
2.19. Отундук материалдарды жана башка күйүүчү-майлоочу материалдарды сунуштоочулар;
2.20. Техникалар, жабдуулар, транспорт каражаттары, чакан механизация жана өндүрүшкө керектүү башка каражаттарды сунуштоочулар, ошондой эле техникаларды, жабдууларды, транспорт каражаттарын, механизация жана башка өндүрүш каражаттарын оңдоо жагында кызматтарды сунуштаган компаниялар;
2.21. Курулуш, долбоорлоо жана инженердик иликтөө иштерин жүргүзүү жагында иш багытын контролдогон коммерциялык эмес (өз ишин өзү жөнгө салган) уюмдар;
2.22. Калдыктарды жок кылып, жер кырытышы менен иш алып баруу жагында кызматтарды сунуштаган субподрядчылар (иш тапшыруучулар);
2.23. Тиешелүү материалдар, чийки заттар, конструкцилар, жабдуулар жана техникалар үчүн төлөнгөн шартта ошол товарларды түздөн-түз жасап чыгарган жактардан аларды сатып өткөрүү укугун алган расмий дистрибьютерлер, дилерлер, соода үйлөрү, логистикалык операторлор жана башка жактар;
2.24. Банктык коштоо буйрутмачысы тарабынан белгиленген, коштоого алынуучу келишим/контракт баасынан _______% чектүү төлөө көлөмүн белгилөө менен кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды сунуштоочулар:
   2.24.1. Иш сапары жана убактылуу жашап туруу шартын түзгөн кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле иш сапарларында кызматкерлердин иш боюнча кыдырууларын жана жашап туруусун уюштурган, ошондой эле вахталык ыкмада иштөө шартын уюуштурган;
   2.24.2. Кызматкерлерди ишке жеткирип туруу;
   2.24.3. Кызматкерлердин тамак-ашын уюштуруу;
   2.24.4. Байланыш кызматын, анын ичинде мобилдик байланыш, интернеттен мобилдик жана стандарттын шартта колдонуу, почта-телеграф кызматтарын, анын ичинде корреспонденцияларды экспресс-жеткирип берүү кызматын;
   2.24.5. Кеңсе техникаларын, кеңсе эмеректерин жана аларга карата чыгаша материалдарын сунуштоо жана тейлөө кызматтарын;
   2.24.6. Геодезия, лаборатория жабдууларын, инструменталдык контролдоо каражаттарын, аларга карата чыгаша материалдарын сунуштоо, коштоп жүрүү жана текшерүү кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.7. Маалымат жана аналитикалык камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрү (программалык камсыздоолорду, маалымат базаларын сатып алуу жана жаңылоо, сатылып алынган программалык камсыздоолорду техникалык колдоого алууга);
   2.24.8. Видеобайкоо жүргүзүү жана сигнализация системасынын атйын жабдууларын сатып алууну жана орнотууну кошо алганда, коргоого алуу кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.9. Иш сапатына контролдукту жүргүзүү жана сыноолорду өткөрүү, экологиялык мониторингди жүргүзүү жагында адистештирилген уюмдардын (лабораториялардын) кызмат көрсөтүүлөрүн (иштерин);
   2.24.10. Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, аларды даярдоо жана кайра даярдоодон өткөрүү боюнча программаларга ылайык кызмат көрсөтүүлөрдү;
   2.24.11. Таштандыларды чогултуу (клининг), анын ичинде тиричилик таштандыларын жана чогултулган карларды ташып кетүү кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.12. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздукту камсыз кылуу, анын ичинде өз алдынча коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.13. Аудиторлордун, нотариустардын кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.14. Кызматкерлерди медициналдык кароодон өткөрүү, анын ичинде психиатриялык жактан текшерүү кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.15. Өз эрки боюнча медициналык камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүн;
   2.24.16. Курулуш процессин илимий-техникалык коштоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр;
   2.24.17. Кеңсе товарларын, иче турган таза сууну, чарбалык буюм заттарды/товарларды,

медикаменттерди сунуштоо,

2.24.18. Коштоого алган контрактыны ишке ашыруу/контрактыны аткаруу үчүн зарыл болгон логистикалык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоону;

3. **Өз алдынча ачылган эсепти пайдалануу тартиби**

3.1. <u>Өзүнчө эсеп боюнча жүргүзүүгө уруксат берилген операциялар тизмеси:</u>

3.1.1. Накталай эмес акча каражаттарын чектөөсүз чегерүү;

3.1.2. Накталай акча каражаттарын чектөөсүз чегерүү;

3.1.3. Коштоого алынган келишимди ишке ашыруучу Катышуучунун өзүнчө эсебине акча каражаттарын которуу;

3.1.4. Тиешелүү коштоого алынган келишим/контракт боюнча келишимдик милдеттенмелер көлөмү өзгөргөн шартта, контрагентте акча каражаттарын которуу (кайтаруу);

3.1.5. Акча каражаттарын алуучулардын Өзүнчө эсеп болуп саналбаган банктык эсебине которуу:

3.1.5.1. эгерде акча каражатын алуучу Башка контрагенттер тизмесинде катталган болсо;

3.1.5.2. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген учурларда акча каражатын өндүрүп алуучулардын буйруусуну ылайык;

3.1.5.3. Жаңылыш чегерилип кеткен акча каражаттарын кайтарып алуу максатында;

3.1.5.4. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары каттоодон өткөн субподрядчыларга, сунуштоочуларга, аткаруучуларга (чет өлкө контрагенттерине);

3.1.5.5. Банктык коштоо Буйрутмачысы менен кат жүзүндө макулдашуу боюнча;

3.1.5.6. Банк тарабынан өзүнчө эсепке берилген кердиттерди кайтарып алуу милдеттенмесин аткаруу (Банктын талабын канааттандыруу), ошондой эле тиешелүү кредиттик келишимдерде каралган шарттарга ылайык, кредиттерди пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды (айыптык санкциясыз, туумдарсыз жана үстөк кошууларсыз) жана өзүнчө эсепти эсептешүү-кассалык тейлөө үчүн комиссиялык төлөмдүн төлөнүшү максатында өзүнчө эсептеги акча каражаттарынан Банк тарабынан эсептеп алынышы/которулушу.

3.1.6. Төмөнкү учурларда өзүнчө эсеп болуп саналбаган өздүк банктык эсепке акча каражаттарын которуулар:

3.1.6.1. Өзүнчө эсеп болуп саналбаган өздүк банктык эсептерден же болбосо Банктын кассасы аркылуу өзүнчө эсепке чегерилген акча каражатынын суммасынан ашпаган өлчөмдө;

3.1.6.2. Коштоого алынган келишим талабын аткарууга байланыштуу коштоого алынган келишимди/контрактыны түзүү күнүнө чейин башка банктык эсептерден төлөнгөн, документ жүзүндө тастыкталган төлөмдөр суммасында;

3.1.6.3. Коштоого алынуучу келишим/контракт түзүлгөн күндөн кийин келип чыккан чыгаша ордун ошол коштоого алынган келишим боюнча белгиленген олуттуулук лимитине барабар, бирок коштоого алынган келишим/контракт баасынын 5% ашпаган чекте накталай эсептешүү аркылуу товарлардын, жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн сатылып алынышына байланыштуу өздүк каражат эсебинен ордун толуктап берүү максатында документ жүзүндө тастыкталган төлөмдөр суммасында.

3.1.6.4. Коштоого алынган келишим талбы/ошол келишимдин/контрактынын бир баскычы аткарылгандан кийин ошол коштоого алынган келишимде/контрактыда каралган сыйакы (алынган пайда) суммасында.

3.2. <u>Өзүнчө эсеп боюнча ишке ашырууга **жол берилбеген** операциялар тизмеси**:**</u>

3.2.1. Башка юридикалык жактардын уставдык капиталын топтоого байланыштуу операциялар;

3.2.2. Кайрымдуулукка жана тартуулоо чараларына байланыштуу операциялар;

3.2.3. Баалуу кагаздарды (анын ичинде векселдерди) сатып алуу;

3.2.4. Баалуу металлдарды, асыл таштарды жана баалуу металлдардан жасалган монеталарды сатып алуу;
3.2.5. Банктык коштоо параметрлеринде белгиленген учурларды эске албаганда, өзүнчө эсеп болуп саналбаган банкык эсептерге акча каражаттарын которуу;
3.2.6. Электрондук акчаны жана криптовалютаны кошо алганда, виртуалдык санариптик активдерди пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар;
3.2.7. Өз ара чегеришүү операциялары;
3.2.8. Милдеттенмелерди, анын ичинде коштоого алынган контракт, контракт боюнча милдеттенмелердин аткарылышына гарантиялык камсыздоолорду сунуштоо;
3.2.9. эмгек акыны, кызматкерлердин эмгек акы фондусунан башка төлөөлөр, иш боюнча кыдырууга жана өкүлчүлүк чыгашаларга төлөөлөр, жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдер боюнча милдеттенмелерди аткаргандыгы үчүн жеке адамга сый акы төлөөлөрдү эске албаганда, жеке адамдарга акча каражаттарын которуу (берүү);
3.2.10. насыяларды (займ) берүү;
3.2.11. актарылган иштер, сунушталган кызмат көрсөтүүлөр, коштоого алынган контрактыны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык ресурстарды сатып алуу үчүн өзүнчө эсеп аркылуу берилген насыяларды, кредиттерди жана алар боюнча пайыздарды эске албаганда, насыялар, кредиттер суммасын жана алар боюнча пайыздарды жана/же ушул контрактыны Банктык коштоо параметрлеринин 3.1.-пунктунда көрсөтүлгөн кредиттерди жана пайыздарды кайтарып алуу;
3.2.12. андан ары чет өлкө контрагенттеринин дарегине чегерүү үчүн конверсиясы менен которууларды эске албаганда, чет өлкө валютасын сатып алуу.
3.2.13. Минималдуу азайтылбаган калдыкты топтоо үчүн депозиттерге, ошондой эле башка финансылык инструменттерге (каражаттарга) акча каражаттарын жайгаштыруу.

## 4. Акча каражаттарынын максаттуу сарпталышын контролдоо предмети

Өзүнчө эсеп боюнча акча каражаттарынын максаттуу сарпталышын контролдоо төмөнкүлөрдү аныктоо көз карашынан ишке ашырылат:

1) Аткарылган жумуштардын, сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн, сатылып алынган товарлардын түрүнүн, көлөмүнүн, курамынын, наркынын жана башка сарптоолордун коштоого алынган келишимдин шарттарына (предмети жана максаты боюнча), ошондой эле тиешелүү контрактылардын шарттарына ылайык келиши;
2) сунушталган негиздөөчү документтердин коштоого алынган келишим шарттарына, ошондой эле тиешелүү контракт шарттарына ылайык келиши;
3) Которууга билдирмедеги төлөм багытынын коштоого алынган келишимдин, ошондой эле тиешелүү контрат шарттарына ылайык келиши.
4) Банктык коштоо параметрлеринин шайкеш (ылайык) келүүсүн.

## 5. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдукка алууда Банктык коштоого Катышуучунун которууга билдирмесин аткаруудан Банктын баш тартышына алып келген учурлар тизмеги

Өзүнчө эсептен акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышы шарттарынын сакталышын текшерүүдөгү терс жыйынтык катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

1) которууга билдирменин ушул Банктык коштоо параметрлерине ылайык келбеши;
2) Банкка сунушталууга тийиш болгон негиздөөчү документтердин (анын ичинде Банктын кошумча талабы боюнча) жана которууга билдирменин берилбей калышы жана/же толук эмес берилиши;
3) которууга билдирме суммасынын (өзүнчө эсептен төлөм өлчөмүнүн) ашып кетүүсү, анын ичинде Банк тарабынан мурда аткарылган которууга буйрууну эске алуу менен алар аркылуу эсептешүүлөрдү жүргүзүү пландаштырылып жаткан коштоого алынган

контракт же контрак суммасынан жана/же аванс катары төлөө эсебинин же аткарылган (сунушталган) иштер (товарлар, кызмат көрсөтүүлөр) суммасынан жана/же башка негиздөөчү документтер суммасынан ашып кетиши;
4) которууга билдирмеде өзүнчө эсеп болуп саналбаган, каражат алуучунун эсебинин реквизиттеринин көрсөтүлүшү. Негизинде, мындай алуучулар менен эсептешүү өзүнчө эсеп аркылуу жүргүзүлүүгө тийиш;
5) сатылып алынган товарлардын (иштердин/кызмат көрсөтүүлөрдүн) коштоого алынган контракт, контракт предмети жана максаттары боюнча төлөнгөн чыгашаларга дал келбеши;
6) которууга билдирмеде коштоого алынган контракттын идентификаторунун көрсөтүлбөшү же туура эмес көрсөтүлүшү

## 6. Өзүнчө эсептерди жабуу/өзүнчө эсепти банктын эсеп режимине которуу тартибинин өзгөчөлүгү

Банк тарабынан өзүнчө эсептин ээси тарабынан төмөнкү шарттар сакталган шартта өзүнчө эсеп жабылат же банктык эсеп режимине которулат:

*Аткаруучулар үчүн*:

1) коштоого алынган контракт боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышы тастыкталган шартта;
2) тиешелүү документтерди кошо тиркөө менен коштоого алынган келишим боюнча Катышуучулар менен бардык эсептешүүлөр жыйынтыгы тастыкталган учурда;
3) Банктык коштоо буйрутмачысынан милдеттенмелердин аткарылганды тууралуу билдирмени Банк алган учурда;

*Коштоого алынган контрактыны ишке ашырууга Катышуучулар үчүн:*

1) Контракт боюнча баардык милдеттенмелер аткарлгандыгы;
2) тиешелүү документтерди тиркөө менен коштоого алынган контракты аткаруу үчүн тартылган контрагенттер менен баардык эсептешүүлөр ишке ашырылгандыгы;

**III бөлүк. “Банктык коштоого алуунун интерактивдүү отчеттуулугу” тейлөө шартына туташуу:**

*(коштоого алынган келишим боюнча Буйрутмачынын жооптуу адамдары/жактары ушул тейлөө шартынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө буга чейин эле ээ болгон болсо, бул бөлүк толтурулбайт).*

Банктык коштоо Буйрутмачысы “Банктык коштоонун интерактивдик отчету” тейлөө шартындагы жеке кабинетке Буйрутмачынын төмөнкү ьтаблицада көрсөтүлгөн кызматкерлерине (пайдалануусуларына) кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүнү өтүнөт [Банктык коштоо билдирмесине карата “___тиркекме *]:

| Аты-жөнү, ээлеген кызматы | Электрондук почта дареги | Телефон номери | Талаш жараткан которууга билдирмени макулдашууга укук талап кылынабы: Ооба/жок |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

*Эгерде таблицада бештен ашуун кызматкер көрсөтүлсө, анда ал өзүнчө тиркеме катары тариздетилүүгө тийиш.

**Тиркеме:**
1. Коштоого алынган келишимдин көчүрмөсү __ барак, 1 нускада.

**Банктык коштоо Буйрутмачысы:**
*Буйрутмачынын аталышы (аты-жөнү), кызмат орду*

______________ / Аты-жөнү *202___-жылдын «___» _______*
**М.О.**

**Банк тарабынан бекитилгендиги тууралуу белги:**
**“__________” ААКсы тарабынан бекитилген Банктык коштоого билдирме**
Банктык коштоо Буйрутмачысына, бул билдирмеге _________________ идентификатору (ИСД) ыйгарылгандыгын билдиребиз.

*Кызмат орду, аты-жөнү «_________»*

__________________/ 202__-жылдын «___» _______
**М.О.**

---

**Банк:**

Кызмат орду

_____________/ Аты-жөнү
М.О.

**Буйрутмачы:**

Кызмат орду

_______________/ Аты-жөнү

М.О.

Банктык коштоо келишимине карата 3-тиркеме

**ФОРМА**

«_____Банк» ААКсына

Аты-жөнү]

**Банктык коштоого билдирме**

(товарлардын сунушталышы предмети болуп саналган коштоого алынган келишим үчүн)

Бул Банктык коштоого билдирме 202___-жылдын “____”__________ №______ Банктыке коштоо келишиминин (мындан ары –келишим) 2.1-пунктуна ылайык берилет:

**I бөлүк. Банктык коштоо Буйрутмачысы, Аткаруучусу жана коштоого алынган келишим тууралуу маалыматтар**

**1. Банктык коштоого билдирме берген буйрутмачы тууралуу маалымат:**

| | |
|---|---|
| *Толук аталышы:* | |
| *ИНН:* | |
| *Банктык коштоого буйуртма берген буйрутмачынын байланыш кызматкери :* | *Аты-жөнү*<br>Телефону: Текст үчүн каралган тилке<br>Мобилдик телефон номери<br>*Электрондук почта дареги:* |
| *Банктык ккоштоо кызмат көрсөтүүсү үчүн кошумча маалыматтар:* | |

**2. Аткаруучу, коштоого алынган келишим жана Отчетторду алуучулар тууралуу маалыматтар:**

| | |
|---|---|
| *Аткаруучу: аталышы, ИНН* | |
| *Аткаруучунун байланыш кызматкери:* | *Аты-жөнү, кызмат орду*<br>*Телефон номери:*<br>*Уюлдук телефон номери:*<br><br>*Электрондук почта дареги:* |
| *Контракттын аталышы, номери жана түзүлгөн күнү:* | |
| *Келишимдин предмети:* | |
| *Келишимдин жалпы баасы (КНСти, башка салыктарды эске алуу менен жана эске алуусуз):* | |
| *Келишимдин колдонуу мөөнөтү:* | |

| | |
|---|---|
| *Банктык коштоо жыйынтыктары жөнүндө Отчет кабыл алуучу жактар тууралуу маалымат:* | Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү тескөөгө алуу боюнча мамлекеттик агенттик |

## II бөлүк. Банктык коштоо параметрлери

1. **Олуттуулук лимити:**

Олуттуулук лимити[3] _____түзөт:

2. **Башка контрагенттердин тизмеги (Өзүнчө эсеп ачуу талап кылынбагандар):**
   2.1. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер – коштоого алынган келишимди/контрактты аткарууга байланыштуу төлөнүүчү салыктарды, жыйымдарды жана башка бюджетке милдеттүү төлүнүүчү төлөмдөрдү алуучулар.
   2.2. Мүлктүк кызыкчылыктарды/таламдарды камсыздандыруу кызматын сунуштаган камсыздандыруучулар;
   2.3. Контракт боюнча милдеттенмелерди аткаруу учурунда, фактор тарабынан акча каражаты коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууга Катышуучунун өзүнчө эсебине же башка контрагенттин эсептешүү эсебине чегерилиши шартында келип чыккан акчалай талапты (факторинг) ыйгарып өткөрүп берүү алдында каржылоо келишимдери боюнча финансылык агенттер (факторлор);
   2.4. Коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруу үчүн ачылган өзүнчө эсепке берилген кредиттерди төлөөдө, ошондой эле коштоого алынуучу келишим талабын аткаруу максатында сунушталган банктык гарантиянын наркына төлөөдө Кредиттик уюмдар;
   2.5. “Кошо аткарылган кызмат көрсөтүүлөрдү”[4] сунуштоо (ишке ашыруу) үчүн коштоого алынган келишим талабын аткаруу максатында ишке тартылган юридикалык жактар (анын ичинде Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналбагандар) жана жеке ишкерлер;
   2.6. Товарларды сунуштоочулар – Олуттуулук лимитинде билгенгендерге ылайык башка контрагенттерге тиешелүү болгон жана коштоого алынган келишим талабын аткаруу үчүн тартылган юридикалык жактар жана жеке ишкерлер;
   2.7. Коштоого алынган келишимде көрсөтүлгөн товарларды өндүрүүчүлөр (жасап чыгаруучулар) жана өндүрүүчүлөрдүн өкүлдөрү[5] (анын ичинде Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналбагандар да).

3. **Өзүнчө эсепти колдонуу тартиби.**

3.1. Уруксат берилген операциялар тизмеси:

3.1.1. Накталай эмес акча каражаттарын чектөөсүз чегерүү;

3.1.2. Накталай акча каражаттарын чектөөсүз чегерүү;

3.1.3. Коштоого алынган кирешени жүзөгө ашырууга Катышуучунун өзүнчө эсеп болуп саналбаган банктык эсебине которуу:

3.1.4. Тиешелүү коштоого алынган келишим/контракт боюнча келишимдик милдеттенмелер көлөмү өзгөргөн шартта, контрагентте акча каражаттарын которуу (кайтаруу);

3.1.5. Акча каражаттарын алуучулардын Өзүнчө эсеп болуп саналбаган банктык эсебине которуу:

3.1.5.1. эгерде акча каражатын алуучу Башка контрагенттер тизмесинде катталган болсо;

---

[3] Олуттуулук лимитинин көлөмү коштоого алынган келишимдин наркынан 5%, бирок кеминде 5 000 000 (беш миллион) сомдон ашпаган өлчөмдө белгиленет.

[4] «Кошо аткарылган кызмат көрсөтүүлөр» дегенден улам, коштоого алынган келишим талабын аткаруу үчүн ошол келишимди ишке ашырууга сырттан тартылган Аткаруучулар же ага Катышуучулар тарабынан сактоого алуу, таңычактоо, жеткирип берүү, чогултуу, кураштыруу, ишке багыттап-жөнгө салуу жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү (аткарылган иштерди) түшүнүү зарыл.

[5] «Өндүрүүчүлөрдүн өкүлдөрү» дегенден улам, чет өлкөлүк өндүрүүчүлөрдүн өкүлдөрүн, юридикалык жактарды же чет өлкөлүк өндүрүүчүлөрдүн өкүлдөрү тиешелүү шарттарда алардын товарларын тиешелүү рынокто өз алдынча сатып өткөрүүгө ыйгарым укук чегерген жеке ишкерлерди (анын ичинде дилерлерди, дистрибьюторду) түшүнүү зарыл.

3.1.5.2. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген учурларда акча каражатын өндүрүп алуучулардын буйруусуну ылайык;
3.1.5.3. Жаңылыш чегерилип кеткен акча каражаттарын кайтарып алуу максатында;
3.1.5.4. Чет өлкө ккontрагенттерине;
3.1.5.5. Банктык коштоо Буйрутмачысы менен кат жүзүндө макулдашуу боюнча;
3.1.5.6. Банк тарабынан өзүнчө эсепке берилген кердиттерди кайтарып алуу милдеттенмесин аткаруу (Банктын талабын канааттандыруу), ошондой эле тиешелүү кредиттик келишимдерде каралган шарттарга ылайык, кредиттерди пайдалангандыгы үчүн чегерилген пайыздарды (айыптык санкциясыз, туумдарсыз жана үстөк кошууларсыз) жана өзүнчө эсепти эсептешүү-кассалык тейлөө үчүн комиссиялык төлөмдүн төлөнүшү максатында өзүнчө эсептеги акча каражаттарынан Банк тарабынан эсептеп алынышы/которулушу.

3.1.6. Төмөнкү учурларда өзүнчө эсеп болуп саналбаган өздүк банктык эсепке акча каражаттарын которуулар:
3.1.6.1. Өзүнчө эсеп болуп саналбаган өздүк банктык эсептерден же болбосо Банктын кассасы аркылуу өзүнчө эсепке чегерилген акча каражатынын суммасынан ашпаган өлчөмдө;
3.1.6.2. Коштоого алынган келишим талабын аткарууга байланыштуу коштоого алынган келишимди/контрактыны түзүү күнүнө чейин башка банктык эсептерден төлөнгөн, документ жүзүндө тастыкталган төлөмдөр суммасында;
3.1.6.3. Коштоого алынуучу келишим/контракт түзүлгөн күндөн кийин келип чыккан чыгаша ордун ошол коштоого алынган келишим боюнча белгиленген олуттуулук лимитине барабар, бирок коштоого алынган келишим/контракт баасынын 5% ашпаган чекте накталай эсептешүү аркылуу товарлардын, жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн сатылып алынышына байланыштуу өздүк каражат эсебинен ордун толуктап берүү максатында документ жүзүндө тастыкталган төлөмдөр суммасында.
3.1.6.4. Бир эле учурда төмөнкү шарттар сакталган учурда жогоруда көрсөтүлгөн келишимдекрди тролук аткарганга чейин коштоого алынган келишим (контракт) боюнча Банктык коштоо Буйрутмачысы (жогорку деңгээлдеги кооперациянын буйрутмачысы) тарабынан сунушталган жана кабыл алынган товарлардын айкын суммасында: келишим тараптары тарабынан товарларды бөлүп-бөлүп (партия) менен сунуштоо каралган болсо, Аткаруучу (Коштоого алынган келишимди ишке ашырууга Катышуучу) тарабынан Буйрутмачы Банктык коштоо параметрлеринде белгиленгендерге ылайык кабыл алган товарлардын партиясын сунугштоо милдеттенмесин аткаруу үчүн тартылган контрагенттер менен бардык эсептешүүлөр бүткөрүлгөн болсо;

3.2. <u>Өзүнчө эсеп боюнча ишке ашырууга **жол берилбеген** операциялар тизмеси**:**</u>
3.2.1. Башка юридикалык жактардын уставдык капиталын топтоого байланыштуу операциялар;
3.2.2. Кайрымдуулукка жана тартуулоо чараларына байланыштуу операциялар;
3.2.3. Баалуу кагаздарды (анын ичинде векселдерди) сатып алуу;
3.2.4. Баалуу металлдарды, асыл таштарды жана баалуу металлдардан жасалган монеталарды сатып алуу;
3.2.5. Банктык коштоо параметрлеринде белгиленген учурларды эске албаганда, өзүнчө эсеп болуп саналбаган банкык эсептерге акча каражаттарын которуу;
3.2.6. Электрондук акчаны жана криптовалютаны кошо алганда, виртуалдык санариптик активдерди пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар;
3.2.7. Өз ара чегеришүү операциялары;
3.2.8. Милдеттенмелерди, анын ичинде коштоого алынган контракт, контракт боюнча милдеттенмелердин аткарылышына гарантиялык камсыздоолорду сунуштоо;
3.2.9. эмгек акыны, кызматкерлердин эмгек акы фондусунан башка төлөөлөр, иш боюнча кыдырууга жана өкүлчүлүк чыгашаларга төлөөлөр, жарандык-укуктук мүнөздөгү

келишимдер боюнча милдеттенмелерди аткаргандыгы үчүн жеке адамга сый акы төлөөлөрдү эске албаганда, жеке адамдарга акча каражаттарын которуу (берүү);

3.2.10. насыяларды (займ) берүү;

3.2.11. актарылган иштер, сунушталган кызмат көрсөтүүлөр, коштоого алынган контрактыны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык ресурстарды сатып алуу үчүн өзүнчө эсеп аркылуу берилген насыяларды, кредиттерди жана алар боюнча пайыздарды эске албаганда, насыялар, кредиттер суммасын жана алар боюнча пайыздарды жана/же ушул контрактыны Банктык коштоо параметрлеринин 3.1.-пунктунда көрсөтүлгөн кредиттерди жана пайыздарды кайтарып алуу;

3.2.12. андан ары чет өлкө контрагенттеринин дарегине чегерүү үчүн конверсиясы менен которууларды эске албаганда, чет өлкө валютасын сатып алуу.

3.2.13. Минималдуу азайтылбаган калдыкты топтоо үчүн депозиттерге, ошондой эле башка финансылык инструменттерге (каражаттарга) акча каражаттарын жайгаштыруу

## 4. Акча каражаттарынын максаттуу сарпталышын контролдоо предмети

Өзүнчө эсеп боюнча акча каражаттарынын максаттуу сарпталышын контролдоо төмөнкүлөрдү аныктоо көз карашынан ишке ашырылат:

1) Алар менен эсептешүүлөр өзүнчө эсеп болуп саналбаган банктык эсеп аркылуу ишке ашырылган контрагенттердин башка контрагенттер тизмегинде болушу (ага ылайык келиши);
2) Которууга билдирменин, анын ичинде төлөм багытынын кароого сунушталган негиздөөчү документтердин маани-маңызына ылайык келиши;
3) Сатылып алынуучу товарлардын, сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөрдүн, аткарылуучу жумуштардын, башка сарптоолордун түрүнүн (маани-маңызынын), көлөмүнүн (санынын), наркынын тиешелүү контрагент алдында акчалай милдеттенмелердин келип чыккандыгын тастыктаган негиздеме документтерде, коштоого алынган келишим талабын аткаруу максатында алар менен түзүлгөн келишим шарттарында көрсөтүлгөндөргө ылайык келиши;
4) Которууга билдирмелердин жана негиздөөчү документтердин коштоого алынган келишим (контракт) предметине (максаттарына) жана шарттарына ылайык келиши;
5) Которууга билдирмедеги төлөм багытынын жана негиздөөчү документтердин маани-маңызынын өзүнчө эсепти колдонуу тартибине ылайык келиши;
6) Аткаруучу (коштоого алынган келишимди ишке ашырууга Катышуучу) тарабынан сунушталган которууга билдирмеде коштоого алынган келишим идентификаторунун болушу жана анын коштоого алынган келишимге ыйгарылган идентификаторго ылайык келиши.

## 5. Акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышын контролдукка алууда Банктык коштоого Катышуучунун которууга билдирмесин аткаруудан Банктын баш тартышына алып келген учурлар тизмеги

Өзүнчө эсептен акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышы шарттарынын сакталышын текшерүүдөгү терс жыйынтык катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

1) которууга билдирменин ушул Банктык коштоо параметрлерине ылайык келбеши;
2) Банкка сунушталууга тийиш болгон негиздөөчү документтердин (анын ичинде Банктын кошумча талабы боюнча) жана которууга билдирменин берилбей калышы жана/же толук эмес берилиши;
3) которууга билдирме суммасынын (өзүнчө эсептен төлөм өлчөмүнүн) ашып кетүүсү, анын ичинде Банк тарабынан мурда аткарылган которууга буйрууну эске алуу менен алар аркылуу эсептешүүлөрдү жүргүзүү пландаштырылып жаткан коштоого алынган

контракт же контрак суммасынан жана/же аванс катары төлөө эсебинин же аткарылган (сунушталган) иштер (товарлар, кызмат көрсөтүүлөр) суммасынан жана/же башка негиздөөчү документтер суммасынан ашып кетиши;
4) которууга билдирмеде өзүнчө эсеп болуп саналбаган, каражат алуучунун эсебинин реквизиттеринин көрсөтүлүшү. Негизинде, мындай алуучулар менен эсептешүү өзүнчө эсеп аркылуу жүргүзүлүүгө тийиш;
5) сатылып алынган товарлардын (иштердин/кызмат көрсөтүүлөрдүн) коштоого алынган контракт, контракт предмети жана максаттары боюнча төлөнгөн чыгашаларга дал келбеши;
6) которууга билдирмеде коштоого алынган контракттын идентификаторунун көрсөтүлбөшү же туура эмес көрсөтүлүшү

### 6. Өзүнчө эсептерди жабуу/өзүнчө эсепти банктын эсеп режимине которуу тартибинин өзгөчөлүгү

Банк тарабынан өзүнчө эсептин ээси тарабынан төмөнкү шарттар сакталган шартта өзүнчө эсеп жабылат же банктык эсеп режимине которулат

*Аткаруучулар үчүн*:

1) коштоого алынган контракт боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышы тастыкталган шартта;
2) тиешелүү документтерди кошо тиркөө менен коштоого алынган келишим боюнча Катышуучулар менен бардык эсептешүүлөр жыйынтыгы тастыкталган учурда;
3) Банктык коштоо буйрутмачысынан милдеттенмелердин аткарылганды тууралуу билдирмени Банк алган учурда;

*Коштоого алынган контрактыны ишке ашырууга Катышуучулар үчүн:*

1) Контракт боюнча баардык милдеттенмелер аткарылгандыгы;
2) тиешелүү документтерди тиркөө менен коштоого алынган контракты аткаруу үчүн тартылган контрагенттер менен баардык эсептешүүлөр аткарылгандыгы;

## III бөлүк. “Контрактыны Банктык коштоо боюнча интерактивдик отчет” тейлөө шартына туташуу:

*(коштоого алынган келишим боюнча Буйрутмачынын жоопту адамдары/жактары ушул тейлөө шартынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө буга чейин эле ээ болгон болсо, бул бөлүк толтурулбайт).*

Банктык коштоо Буйрутмачысы “Банктык коштоонун интерактивдик отчету” тейлөө шартындагы жеке кабинетке Буйрутмачынын төмөнкү ьтаблицада көрсөтүлгөн кызматкерлерине (пайдалануусуларына) кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүнү өтүнөт [Банктык коштоо билдирмесине карата “___тиркекме *]:

| Аты жөнү, кызмат орду | Электрондук почта дареги | Телефон номери | Талаш жараткан которууга билдирмени макулдашууга укук талап кылынабы: Ооба/Жок |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

*Эгерде таблицада бештен ашуун кызматкер көрсөтүлсө, анда ал өзүнчө тиркеме катары тариздетилүүгө тийиш.

**Тиркеме:**

1. Коштоого алынган келишимдин көчүрмөсү __ барак, 1 нускада

**Банктык коштоо Буйрутмачысы:**

*Банктык коштоо Буйрутмачысынын аталышы, кызмат орду*

_____________ / Аты-жөнү *202__-жылдын «___» _______.*
**М.О.**

**Банк тарабынан бекитилгендиги тууралуу белги:**
**“__________” ААКсы тарабынан бекитилген Банктык коштоого билдирме**
Банктык коштоо Буйрутмачысына, бул билдирмеге _________________ идентификатору (ИСД) ыйгарылгандыгын билдиребиз.

**М.О. _________ 202___-жылдын «___» _______.**

---

**Банк:**

Кызмат орду

_____________/ Аты-жөнү

М.О.

**Банктык коштоо Буйрутмачы:**

Кызмат орду

_______________/ Аты-жөнү

М.О.

Банктык коштоо жөнүндө келишимге карата 4-тиркеме

**ФОРМА**[6]

Кызмат орду
«___________» ААКсы
*Аты-жөнү*

**Банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүгө билдирме**

*Коштоого алынган келишимдин идентификатору:* ___________.

Банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүлөргө билдирме 202___-жылдын “___”___________ №________ Банктык коштоого билдирмеге карата 202___-жылдын “___”___________ №________ Банктык коштоо келишимине ылайык сунушталууга тийиш.

**I бөлүк. Буйуртмачы, Аткаруучу, коштоого алынган келишим тууралуу маалыматтар:**

[Өзгөртүлүүчү текст жазылат]

**II бөлүк. Банктык коштоо параметрлери**

[Өзгөртүлүүчү текст жазылат]

**III бөлүк. “Контрактыны Банктык коштоо боюнча интерактивдик отчет” тейлөө шартына туташуу:**

[Өзгөртүлүүчү текст жазылат]

**Банктык коштоо Буйрутмачысы**
*Кызмат орду*
_____________ / Аты-жөнү    202__-жылдын «___» _______
**М.О.**

---

**Банк тарабынан бекитилгендиги тууралуу белги:**
**Банктык коштоо параметрлерин өзгөртүүгө билдирме бекитилди**
**«______Банк» ААКсы**

*«___Банк» ААКсы*
___________________/ Аты-жөнү 202__-жылдын «___» _____

---

**Банк:** **Буйрутмачы**

Кызмат орду

_____________/ Аты-жөнү _______________/ Аты-жөнү

6 Банктык коштоого буюрутмачы же Банк Банктык коштоо параметрлерине өз ыңгайына жараша, өз алдынча өзгөртүүлөрдү киргизүүгө же болбосо кандайдыр бир башка негизде билдирме формасын толуктоого укуктуу

М.О.

М.О.

Банктык коштоо жөнүндө
келишимге карата 5-тиркеме

**Коштоого алынган келишимде камтылууга тийиш болгон Банктык коштоонун типтүү шарттары[7]**

**1. Келишимге төмөнкүдөй терминдер жана аныктоолор кошумчалансын:**

«___. Банктык коштоо» - бул, Буйрутмачы (*Сатып алуучу)* менен түзүлгөн Банктык коштоо келишиминин негизинде Банк тарабынан 202___-жылдын "___"___________ келишимге карата №________ кошумча келишимге карата №_______ тиркемеде көрсөтүлгөн, Банктык коштоо шарттарына ылайык, коштоого алынуучу келишим талабын Аткаруучу жана келишимди ишке ашырууга катышуучу тарабынан банкта ачылган өзүнчө эсептерди колдонуу менен Коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруунун алкагында акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына мониторингдин жүргүзүлүшүн жана контролдукка алуунун камсыздалышы.»

**2. Келишим текстине тараптардын төмөнкүдөй милдеттенмелери жана жоопкерчилиги кошумчалансын:**

"Эсептешүүлөр тартиби жана шарттары жөнүндө" жобого:

«___. Келишим боюнча төлөмдөр келишимди Банктык коштоо шарттарынын (келишимге карата 202___-жылдын "___"___________ кошумча макулдашууга карата №________ тиркеме) 3-пунктунда көрсөтүлгөн банктык Банктык коштоо кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо максатында Банк тарабынан Аткаруучуга (Иш тапшыруучу/Сунуштоочу)[8] ачылган өзүнчө эсеп аркылуу ишке ашырылат.

"Аткаруучунун (Иш тапшыруучунун/Сунуштоочунун) милдеттенмелери жөнүндө" жобого:

«___. Аткаруучу (Иш тапшыруучу/Сунуштоочу) акча каражаттарын максаттуу багытка колдонууга милдеттүү.

Аткаруучу (Иш тапшыруучу/Сунуштоочу) Банктык коштоо шарттарында (келишимге карата 202__-жылдын "___"_________ №____ комуча макулдашууга карата №___тиркеме) белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө келишим боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү жана өзүнчө эсепти колдонуу шартын так сактоо менен өзүнчө эсеп аркылуу гана келишим боюнча бардык эсептешүүлөрдү ишке ашыруу үчүн Банкта өзүнчө эсепти ачууга милдеттүү. Аткаруучу (*Иш тапшыруучу/Сунуштоочу*) өзүнчө эсеп ачуу боюнча милдеттенмени аткарбай коюусу же өз учурунда аткарбашы Буйрутмачыны өзүнчө эсеп ачылгандыгы тууралуу Аткаруучудан (Иш тапшыруучудан/Сунуштоочудан) билдирме алганга чейин келишим боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү милдеттенмесинен, ошондой эле ошол төлөмдөрдү ишке ашыруу мөөнөтүн так сактабагандыгы үчүн жоропкерчиликтен бошотпойт.

"Тараптардын жоопкерчилиги тууралуу" жобого:

«___. Аткаруучу (*Иш тапшыруучу/Сунуштоочу)* Банктык коштоо шарттарынын (келишимге карата 202___-жылдын "___"_______ №____ кошумча макулдашууга карата №____-тиркеме) 3-пунктунун 3.1.-пунктчасында белгиленген мөөнөттү бузууга жол берген шартта, Буйрутмачы (*Сатып алуучу)* келишим баасынан ар бир мөөнөтүндө төлөнбөгөн күн үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын туумдарды төлөө күнүнө карата

---

[8] Бул жерде жана текст боюнча мындан ары курсив менен көрсөтүлгөндөр Сунуштоо келишимине кошумча келишимде камтылууга тийиш.

колдонулуп жаткан негизги чен өлчөмүндө Аткаруучудан (*Иш тапшыруучудан/Сунуштоочудан)* туумдарды төлөөнү талап кылууга укуктуу.

Аткаруучу (*Иш тапшыруучу/Сунуштоочу)* өзүнчө эсепти колдонуу менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү шартын бузууга жол берген учурда Аткаруучу (*Иш тапшыруучу/Сунуштоочу)* өзүнчө эсепсиз ишке ашырылган ар бир операция суммасынан 30 (отуз) пайыз өлчөмүндө айыптык төлөмдү Буйрутмачыга (*Сатып алуучуга*) төлөп берүүгө тийиш.”.

“Келишимди токтотуу жөнүндө” жобого:

«Буйрутмачы (*Сатып алуучу*) Аткаруучу (*Иш тапшыруучу/Сунуштоочу)* банктык коштоо шарттарынын (келишимге карата 202___-жылдын “___”_______ №____ кошумча макулдашууга карата №____-тиркеме) 3-пунктунун 3.2.-пунктчасында көрсөтүлгөн милдеттерин аткарбай койгон шартта келишимди токтотууну талап кылууга укуктуу.».

Келишимге карата тиркемелерге:

«Банктык коштоо шарттарына” карата №___тиркеме.

**3. Келишимге төмөнкү мазмундагы тиркеме кошумчалансын**

«№ [__]тиркеме

**Банктык коштоо шарттары**

1. Ушул келишимди аткаруу Банктык коштоону колдонуу менен ишке ашырылат.

Келишимде төмөнкү терминдер (атоолор) жана аныктамалар колдонулат:

1.1. **Банктык коштоо** – Буйрутмачы (*Сатып алуучу)* менен түзүлгөн Банктык коштоо келишиминин негизинде Банкта Аткаруучуга жана ишке ашырууга Катышуучуга азылган өзүнчө эсептерди колдонуу менен акча каражаттарынын максаттуу чыгымдалышына мониторингди жана контролдукту камсыз кылуу.

1.2. **Банк – ___________________________________**______, ИНН_________.

1.3. **Банктык коштоого билдирме** – Буйрутмачы (*Сатып алуучу)* тарабынан берилген, Банктык коштоо Буйрутмачысы тарабынан коштоого алынуучу келишимди Банктык коштоону уюштуруу максатында Банкка жөнөтүлгөн, Банктык коштоо параметрлерин камтыган жана коштоого алынуучу келишимди Банктык коштоо шарттарын аныктаган билдирме;

**1.4. Өзүнчө эсеп** - Коштоого алынуучу келишим талаптарын аткаруу максатында түзүлгөн коштоого алынуучу келишимди жана/же келишимдерди аткарууда тиешелүү операцияларды ишке ашыруу үчүн Банкта ачылган банктык эсеп, ал эсепти колдонуу тартиби Банктык коштоо параметрлерине ылайык аныкталат.

**1.5. Банктык коштоо параметрлери** – бул, Буйрутмачы (*Сатып алуучу)* тарабынан коштоого алынган кешимге карата Банктык коштоо келишиминде белгиленген тартипте коштоого алынуучу келишимдин талаптарын аткаруунун жүрүшүндө ишке ашырылган эсептешүүлөрдүн алкагында Аткаруучу жана келишимди ишке ашырууга Катышуучулар тарабынан өзүнчө эсептердеги акча каражаттарынын максаттуу сарпталышына мониторинг жүргүзүүнү жана контролдоону камсыз кылган шарттар;

**1.6. Коштоого алынган келишим** – ушул келишим.

**1.7. Аткаруучу –** __________________________, ИНН_________.

**1.8. Банктык коштоону ишке ашырууга катышуучулар –** коштоого алынган кирешени ишке ашыруу максатында тартылган жактар (биргелип аткаруучулар, субподрядчылар, субсунуштоочулар), алар Банктык коштоо параметрлерине ылайык өзүнчө эсепти ачууга милдеттүү.

2. Буйрутмачы *(Сатып алуучу)* төмөнкүлөргө милдеттүү:

2.1. Аткаруучу тандаган банкта Банктык коштоого билдирмени коштоого алынуучу келишимди *(келишимге карата кошумча макулдашууну)* түзгөндөн кийинки 5 (беш)

жумуш күнүнөн кечиктирбестен билдирмени берүү аркылуу, коштоого алынуучу келишимди өткөрүп берүүгө;

2.2. Коштоого алынуучу келишим боюнча сунушталган товарлар (аткарылган жумуштар, сунушталган кызмат көрсөтүүлөр) үчүн Аткаруучунун өзүнчө эсеби аркылуу гана төлөп берүүгө.

3. Аткаруучу (*Иш тапшыруучу/Сунуштоочу)* төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.1. Коштого алынуучу келишим (*келишимге карата кошумча макулдашуу*) түзүлгөндөн кийинки 12 (он эки) жумуш күнүнүн ичинде Банкта өзүнчө эсеп ачууга.

3.2. Коштоого алынуучу келишим (*келишимге карата кошумча макуалдашуу)* түзүлгөн күндөн тартып ошол келишим боюнча, ошондой эле коштооого алынуучу келишим талабын ишке ашыруу максатында түзүлгөн башка келишимдер боюнча бардык эсептешүүлөрдү өзүнчө эсеп аркылуу гана ишке ашырууга.

3.3. Коштоого алынган келишимди ишке ашырууга Катышуучулар менен түзүлгөн келишимдерде төмөнкү шарттардын камтылышын камсыз кылууга:

- Бардык эсептешүүлөрдү өзүчө эсептер аркылуу гана жүргүзүү;
- Банктын талабы боюнча коштоого алынуучу келишимди ишке ашыруу үчүн тартылган Катышуучулар тууралуу маалыматтарды (алардын толук аты-жөнүн/аталышын, жайгашкан жерин (почта дарегин), жетекчинин жана башкы бухгалтердин телефон номерин, салык төлөөчүнүн идентификациялык номерин жана катталуу кодуна тиешелүү маалыматтарды);
- Ушул пунктчада чагылдырылган милдеттерди коштоого алынуучу келишимди ишке ашырууга тартылган башка Катышуучулар менен түзүлгөн келишимдерге да кошуу.

4. Буйрутмачы (*Сатып алуучу)* ушул келишим боюнча эсептешүүлөрдү Аткаруучунун (*Иш тапшыруучунун/Сунуштоочунун)* Банкта ачылган өзүнчө эсеби аркылуу жүргүзөт (№____________ өзүнчө эсеп реквизиттери).»

**Банк:**
Кызмат орду

_____________/ аты-жөнү

М.О.

**Банктык коштоо буйрутмачысы:**

Кызмат орду

_______________/ аты-жөнү

М.О.